## Айлана чөйрө менен таанышуу сабагы

**Сабактын темасы:** “Сүмөлөк баяны”

**Сабактын максаты:**

- Ата бабадан калган каада-салттарды жана улуу адамдардын эмгегин баалоого тарбиялоо.
- Балдарга сүмөлөктүн пайда болуу тарыхын айтып берүү, сүмөлөктүн жасалышын көрсөтүү, түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүү.
- Балдарга жаңы кездешкен сөздөрдү, тыбыштарды так атоого, жана берилген суроолорго туура жооп берүүгө үйрөтүү.
- Сүрөт боюнча аңгемелешүү, грамматикалык жактан туура сүйлөөгө үйрөтүү
- Балдардын сөз байлыгын, угуу жана көрүү сезимин өстүрүү.

**Сабактын жабдылышы:** Нооруз майрамы, сүмөлөктүн келип чыгыш тарыхы боюнча видео слайд. Сыйкырдуу сандык, сүмөлөккө кошулуучу азыктар, кагаздан жасалган казан, тулга, сүмөлөктү аралаштырган жыгач калакча, ж.б.

**Усулдук ыкмалар:**

- уюштуруу
- аңгемелешүү
- баяндоо
- тынығуу көнүгүүсү
- күтүлбөгөн окуя
- музыкалык тынығуу
- суроо-жооптор

**Сөздүк иш:** тулга, казан, супара, соку, өнгөн буудай ж.б.

**Сабактын жүрүшү:** Жагымдуу маанай түзүү

**Мугалим:** Балдар маанайыңар кандай? Келгиле бири-бирибизге жылмайып маанайыбызды көтөрүп алалы. *(бири-бирин карап жылмайышат).* Биз баарыбыз бири-бирибизди жакшы көрөбүз, сыйлайбыз, ынтымактуубуз. Эми ордуңарга отургула. Балдар, бир жылда канча мезгил бар?
**Жооп:** бир жылда 4 мезгил бар.

**Мугалим:** мезгил жөнүндө табышмак айтайын тапкылачы. (слайд)

Кар эриди, кар кетти,
Байчечекей чыккан кез.
Жердин бети көгөргөн,
Кайсыл мезгил, ушул кез.

**Жооп:** Жаз мезгили.

**Мугалим:** Эми жаз мезгилиндеги айларды атайбыз

1. **МАРТ** (жалган куран)
2. **АПРЕЛЬ** (чын куран)
3. **БУГУ** (май) (суроо-жооптор)

- Азыр кайсыл ай? (жооп чын куран айы)
- Туура айтасыңар азыр чын куран айы, өткөн ай кандай аталчу эле ким айтат? (жооп: жалган куран айы)

**Мугалим:** Азаматсыңар, жалган куран айында биздин бала бакчада кандай майрамдар болду эле ким эстейт?
*(болуп өткөн майрамдарды слайддын коштоосунда айтабыз)*

1. 3-март – **“КРнын Желек”** күнү
2. 5-март – **“Ак калпак”** күнү
3. 8-март – **“Apалардын майрамы”**
4. 21-март – **“Нooрyз”** майрамы.

Ушул күнү кыргыз эли “Нооруз” майрамын майрамдашат. Бул күнү күн менен түн теңелет. Жер жерлерде боз үй тигилип, Умай эне аластап, сүмөлөк жасалып, ырдап, бийлеп шаңдуу майрам болот.

Ноорузда дасторкондун көркү болгон негизги тамак – **сүмөлөк.**

**Сүмөлөктүн** келип чыгышы жөнүндө силерге айтып берейин: "Илгери-илгери өткөн заманда, жаркыраган жаздын алгачкы айында калкты ачарчылык каптайт. Эл ичин өлүм-житим аралайт. Жумурай журттун айласы куруп, самандай сапырылат. Эл тентийт. Тамак сурап чыркырап ыйлаган балдардын жаактары басылбайт. Энелеринин айлалары кетип, аргалары түгөнөт. Ошондо мээрман энелер чогулушуп, ар кимиси колдорунда болгон тамак-аштарын ортого чыгарышат. Бирөөсү бир чымчым унун, экинчиси бир кашык майын, үчүнчүсү бир ууч талканын, дагы бирөөлөрү үч-төрт өрүктүн кагын жана башкаларын чогултушат. "Көп түкүрсө көл болот" дегендей көпчүлүктөн жыйналган тамак-аш казандын жарымынан болот. Ага толтура суу куюлуп, от жагылып, казан асылат. Ал кайнайын деп калган маалда кызыл чиедей жаш тогуз баласын ээрчиткен апа келет. Ал от жагып отурган аялдарга көзүнүн жашын көлдөтө төгүп: *"Айланайын журтум, казаныңарга кошоор эчтемем жок. Мына бул тогуз тоголок таштан башка эч нерсе таппадым. Жок дегенде алар тогуз балама ырыскы болуп кошо бышсын",* - деп жүз аарчысына ороп келген таштарын таптаза жууп - *"Бисмиллахир рахмани рахим, жараткан Алла таалам калайык калкыма токчулук менен бейпилчиликти алып келсин",* - деп казанга салат.
Казан бороктоп кайнай баштайт. Ак элечектүү байбичелер казанды аралаштырган сайын: *- Айланайын кудай, ушул көктөм элибизге токчулук менен бак-таалай алып келсин, журтубуз ачкачылыктан кыйналып кетти, мол түшүмдүн, берекенин, ден-соолуктун жылы болсун,* - дешип Алла тааладан суранышат. Казанды таң аппак атканча кайнатышат. Ага салынган ар түркүн нерселер абдан таттуу, жегиликтүү, даамдуу болуп бышат. Ал жакшылап демделип, суугандан кийин идиштерге салынат. Аны жаш, кары дебей чыпалагы менен илип жешет. Ал бир айга жетет. Калк ачарчылыктан аман калат. Андай ширелүү, касиеттүү тамакты эл **сүмөлөк** деп аташат. Ошол жылы элдин тилеги кабыл болуп, жаз жакшы болот. Ошентип, бир казан сүмөлөк бүтүндөй бир айылды ачарчылыктан сактап калыптыр. Жомок жактыбы силерге? Чарчадыңар окшойт келгиле бир аз тыныгып алалы.

**Тыныгуу көнүгүүсү:**
Ордубуздан турабыз,
Колубузду сунабыз.
Оңго, солго, айланттык,
«Сүмөлөктү кайнаттык,
Бактыбыз бүгүн ачылсын,
Ырыс-кешик чачылсын»,
1, 2, 3 отурабыз түз

*(эшик тыкылдайт)*

**Күтүлбөгөн окуя:** Умай эне аластап кирет.

**Мугалим:** Умай эне келиңиз, биз менен чогуу сүмөлөк жасашып кетиңиз.

**Умай эне:** Мен жөн келген жокмун балдарга сыйкырдуу сандыгымды ала келдим, ичинде суроолор бар, силерден туура жооп күтөм.

**Мугалим:** Биз аракет кылабыз, келгиле балдар сүмөлөк жасап көрөбүз. Сүмөлөктү даярдоонун камылгасы жаңы жылга 10-15 күн калганда башталат. Жакшы сапаттагы буудай тандап алып таза жууп бир күн сууга чылаш керек. Эртеси көбө түшкөн буудайды супуранын же тактайдын бетине жайып, өтө кургап кетпеш үчүн улам суу чачылып, жылуу жерде кармайбыз. Мына минтип буудай өнүп чыгат, аны сокуга (эт туурагычка) салып жанчып, суу куюп даярдап алабыз.

Сүмөлөк жасаарда тулга, казан, отун даярдап алышыбыз керек. Алгач бышыраарда ысыган казанга 10 кг акталган май куюлат. *(майдын сүрөтү)*

**Мугалим:** Келиңиз умай эне биссмилла деп казанга май куюп бериңиз. Мен от жагайын. *(Умай эне тилек айтып казанга май куят)*

**Мугалим:** Сүмөлөктү жасаардан мурун ысыган майга токоч бышырып алабыз.

*(токоч даярдап алып казанга салабыз)*

Мына токочубуз да даяр болду. Куран окугандан кийин даярдалып коюлган буудайдын ширелүү суусун дакиден өткөрүп сүзүп алып, казандын кулагынан бир карыштай кем кылып куюлат. «Эртең жаңы жыл» деген күнү айылдын сыйлуу адамдары атайын сүмөлөк даярдалып жаткан үйгө чакырылат.

**Мугалим:** Келгиле балдар силер дагы жакшы тилектериңерди айткыла.

*(балдар тилек айтып, казанга салышат)*

Айыл аксакалдары мейиз, өрүк жана башка азыктардан ала келишип, казанга салышат, отту бир калыпта жагып, тынбай аралаштырып, Кадыр түн күтүп сүмөлөктү бышыра башташат.

**Мугалим:** Балдар сүмөлөк көптө бышат, бышканча оюн ойноп алаксып туралы.

*(балдар тилек айтып, казанды аралаштырып турушат)*

**Мугалим:** Сүмөлөк бышканда казандын үстү жылуу жабылып 5-6 саатча демделет. Айыл аксакалдары, байбичелер келишип, маркумдарга куран окуп бата тилешкенден кийин казандын капкагы ачылат.

Сүмөлөктү бышыруунун негизги **максаты** – аны элге ооз тийгизип алардын ыраазычылыгын жана сообун алуу.

**Мугалим:** Сүмөлөгүбүз бышып калды, **демделип бүткөнчө** мен Умай эненин сыйкырдуу сандыгын ачайын кандай суроолор бар экен. Туура жооп бергенге аракет кылалы.

**1-суроо:** Сүмөлөк деген эмне? Ал кайсы майрамда жасалат?

**Жооп:** Сүмөлөк – Нооруз майрамында жасалуучу таттуу, даамдуу кайнатылып жасалган тамак.

**2-суроо:** Буудай деген эмне? Андан эмнелер жасалат?

**Жооп:** Буудай дан өсүмдүгү, андан ун, ундан нан, сүмөлөк жана башка нандын түрлөрү жасалат.

**3-суроо:** Буудайды кантип өндүрөт?

**Жооп:** Буудайды таза жууп, сууга чылап коёбуз. Эртеси буудайды тактайдын бетине тегиз кылып жайябыз, өтө кургап кетпеш үчүн улам суу чачылып, жылуу жерде кармайбыз, анан буудай өнүп чыгат.

**Мугалим:** Келгиле балдар музыкалык тыныгуу жасап алалы.

**Ыр: “Ала тоонун ары жагында”**

**Мугалим:** Эми суроолорубузду уланталы.

**4-суроо:** Сүмөлөктү жасаарда эмнелерди даярдап алышыбыз керек?

**Жооп:** Сүмөлөктү жасаарда тулга, казан, отун даярдап алышыбыз керек.

**5- суроо:** Сүмөлөктү жасаарда биринчи казанга эмне жасалат?

**Жооп:** Казанды асып, отту жагып, май куюп, ысык майга токоч бышырып алабыз.

**6-суроо:** Сүмөлөккө эмнелер кошулат?

**Жооп:** Сүмөлөккө өндүрүлгөн буудайдан жасалган боткодон башка жаңгак, өрүк, мейиз, нават жана ырымдап таш кошобуз.

**7-суроо:** Сүмөлөктү кантип кайнатабыз?

**Жооп:** Отту бир калыпта жагып, сүмөлөктү тынбай аралаштырып турабыз. Аралаштырган сайын жакшы тилектерди айтабыз.

**Мугалим:** Балдар суроолорго толук, туура жооп бердик чарчаган жоксуңарбы?
Балдар сүмөлөктү ачып карайлы. Оо сонун болуп бышыптыр!
“Буюрса жылыбыз жакшы болот экен ынтымактуу, ырыс кешиктүү, берекелүү, акчалуу жана дасторконубуз мол болот экен”. Сүмөлөктү чыпалак менен тилек айтып үч жолу ооз тийиш керек.
*(мурдатан даярдалган сүмөлөктү алып умай энеге жана конокторго ооз тийгизебиз)*

**Мугалим:** Кана балдар сүмөлөк жөнүндө ким ыр айтып берет.

*Ырыска cooп үймөлөп,*
*Ыйык оокат сүмөлөк.*
*Ар бир үйдө дастаркон,*
Ажайып көп түрлөнөт

**Мугалим:** Ошентип балдар, биз бүгүн сүмөлөк жасадык, бүгүнкү сабак силерге жактыбы? Кана кимге эмне жакты?

**Бышыктоо:** Суроо, жооптор.

**Жыйынтыктоо:** Азаматсыңар балдар! Баарыңарды жакшы көрөм баарыңар активдүү, жакшы катыштыңар. Сабагыбыз бүттү коштошобуз.

**Айлана-чөйрө менен таанышуу сабагы**

**Тема: Үй жаныбарлары**

**Максаты:**

***Билим берүүчүлүк:*** Балдар үй жаныбарлары тууралуу түшүнүк алышат. Жаратылышта жаныбарлар бири-бири менен байланышта экенин түшүнүшөт, үй жаныбарлары жана алардын балдары менен таанышат алардын адамга тийгизген пайдасы тууралуу билимдерин бекемдешет.

***Өнүктүрүүчүлүк:*** балдардын угуусун, көңүл буруусун, ой-жүгүтүүсүн өнүктүрүү, сүйлөө жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүнү улантуу.

***Тарбия берүүчүлүк:*** Үй жаныбарларына аяр мамиле жасоого тарбиялоо

***Көрсөтмө куралдар:*** темага ылайык сүрөттөр: үй жаныбарлардын, жашаган сарай, үйдүн сүрөтү, бак дарактар, чоң ата, чон апанын сүрөттөрү, үй жаныбарларынын сүрөттөрү.

**Жаңы сөздөр:** токуу, мый мый,

***Методикалык ыкмалар:***

1.Уюштуруу ишерин жүргүзүү

2. Мээ чабуул. «Кыш жөнүндө баарлашуу»

3. Дидактикалык оюн «Белгисин тап»

4. Негизги бөлүм «Үй жаныбарлары тууралуу ыр окуу»

5. Жомок көрсөтүү

6. Тыныгуу үчүн көнүгүү «Мышык»

7. Дидактикалык оюн «Баласын тап»

8. Жыйынтыктоо, мактоо

**Сабактын жүрүшү:**

**Уюштуруу иштерин жүргүзүү**

Саламатсынарбы балдар, карагылачы бизге бугун конокко көп эжекелер келди, келгиле учурашалы: Ачык дайым кабагым

Дайым даяр сабагым

Саламаттык каалаймын

Саламатсынарбы балдарым

Балдар: Саламатсызбы

**Кыш жөнүндө баарлашуу**

Тарбиячы: Балдар силер билесинерби бизге кайсы мезгил келди?

Балдар: жообу

Тарбиячы: Кыш келгенин кантип билдинер?

Балдар: Жооп

Тарбиячы:Азаматсынар! Анда эмесе «Белгисин тап» оюнун ойнойлу

**Дидактикалык оюн белгисин тап:** Балдар кыштын сүрөтүнө карап, кышка ылайыктуу карточкаларды таап чаптайт.

**Негизги бөлүм. Үй жаныбарлары тууралуу ырлар**

Тарбиячы: Азаматсынар! Балдар биз бүгүн силер менен үй жаныбарлары жөнүндө сүйлөшүп, сүрөт көрүп, оюн ойноп өзүбүздүң акылдуулугубузду эжекелерге көрсөтөлү, макулсунарбы? Кана көнүлүбүздү буруп, бул ырды угабыз:

Каман, чочко коркулдайт

Буларга эч ким даабайт

Козу улагын ээрчитип,

Кой эчкилер маарайт

Тарбиячы: Кана балдар эмне жөнүңдө түшүңдүнөр? Бул ыр эмне жөнүндо болду?

Балдар: жооп

Тарбиячы: Азаматсынар! Ырыбыз үй жаныбарлары жөнүңдө болду, ал эми азыр болсо жомок көрөбүз. Баарынар жомок жакшы көрөсүнөрбү?

**Жомок көрсөтүү.** (Даяр макет боюнча жомок көрсөтүү)

Илгери илгери өткөн заманда бир кемпир чал жашаптыр, алардын баласы да, кызы да жок, өздөрү жалгыз жашачу экен. Ошентип ээрчишип жүрүп күн өткөрүшөт экен.Күндөрдүн биринде короосуна мыйоолоп бир даныбар келип калат, ал :- Чон ата, чон эне мен мышык болом, силерге эрмек болом, кампанардагы чычканды кармап жок кылам, мени өзүнөргө алгыла, силер менен жашайм дептир. Кемпир чал сүйүнүп макул болушат. Бир күнү мышык сүт ичкиси келип, чон эне чон ата, силер макул болсонор мен дагы бир жаныбар, уйду ээрчитип келейин дейт. Кемпир чал ойлонуп макул болот. Ошентип мышык уйду ээрчитип келет. Чон ата менен чоң эне сүйүнүп уйга сарай куруп, чөбүн берин, сүтүн саап ичип, мышыкты да тойгуза ичирип, көңүлдүү жашап калышат. Дагы күндөрдүн биринде чал кемпирдин короосуна маарап кой келип калат: - чон ата, чон эне мен кой болом. Жүнүмдөн жылуу кийим токуп, кыштын суугунан коргоносунар, мен да силер менен жашайын дейт. Кемпир чал макул болот. Короо жайы толуп калганын сезип, мышык идти ээрчитип келет.-Чон ата-чон эне мен ит болом, катуу үрүп, чоочун кишилерди келтирбейм силерге, кызмат кылам, мени да алгылачы, силер менен жашайын дептир. Ошентип ит короо кайтарып калат. Баардык жаныбарлар адамга кызмат кылып, адам баласынын жанында анын короосунда жашап үй жаныбарлары деп аталып калат экен.

Тарбиячы: Кана балдар жомок жактыбы? Жомок эмне жөнүндө болду?

**Тыныгуу үчүн көнүгүү**

Балдар биз чарчадык, келгиле тыныгуу жасап, көнүл ачалы

Чычкан кармап кампада

Мышык курсак тойгузат

Аппак сүттү аймалап

Таттуу уйкуга батат

**Дидактикалык оюн** «Баласын тап»

Балдар даяр макет үй жаныбарларынын балдарын таап, энелеринин жанына чапташат)

Тарбиячы: Азаматсынар балдар

**Жыйынтыктоо**

Тарбиячы: Азаматсынар балдар силер бүгүң өзүнөрдү акылдуу экенинерди көрсөттүнөр. Силерге сабак жактыбы? Биз эмне жөнүндө сөз кылдык? Кандай жаныбарлар жөнүндө сөз кылдык?

## Тема: “ Оюнчуктар”

### Жогорку топ (5 – 6 жаш)

**Программалык мазмуну:**

Сандарды катарынан жана тескери жагынан так, туура саноого, геометриялык фигуралаларды,түстөрдү, чоңдуктарды, мейкиндикте туура багыт алууга, баштаган ишин акырына чейин чыгарууга үйрөтүү. Сөз байлыгын, кол өнөрчүлүгүн өстүрүү, эске сактап калуусун калыптандыруу, математикага болгон кызыгуусун, жөндөмдүүлүгүн арттыруу.

**Усулдук ыкмалар:**

1. жагымдуу маанай тартуулоо;
2. аңгемелешүү;
3. жаныбарлардын мамалактын туулган кунүнө барышы;
4. дидактикалык оюн “Эмне кайда турат?”;
5. тыныгуу көнүгүүсү “ Мамалак”;
6. конструкциялоо “ Шаңдуу оюнчуктар”;
7. жыйынтыктоо.

**Колдонулуучу каражаттар:**

Күз мезгилинин сүрөттөрү, оюнчуктар – мамалак ,кубик ,пирамидка, геометриялык фигуралар (сүйрү ,тегерек,тик бурчтук), таштанды каражаттар ( киндер сюрприздин бошогон идиши, соктун түтүкчөсү, нокоттор (горох), желим, кайчы, түстүү кагаздар же наклейкалар.

**Сөздүк иш:** сүйрү жана тик бурчтук, шаңдуу оюнчуктар ж.б.

**Сабактын жүрүшү:**

Саламатсыңарбы, балдар!
Ак шооласы чачырап,
Тиктесең көздү качырат,
Бүт жер бети жанданып,
Нурунан гүлдөр ачылат

Балдар карагылачы, бизди карап күн жылмайып
чыгып бара жатат.

**№ 3 - слайд**



Күндү карап жылмайып, колдорубузду күндү карай
созуп, алакандарыбызды күн нурларына жылыталычы. Маанайыңар көтөрүлүп калдыбы балдар, менин да маанайым жакшы.

Азыр мен силерге табышмак айтам.

Тоодо экен үңкүрү,
Топ жырткычтын күчтүүсү.

Тышка чыкпай кышында,
Уктап жатат күн-түнү?

**№ 4 - слайд** **Мамалак**



Туура балдар, бул мамалак экен, мамалактын туулган күнүнө жапайы жаныбарлар коен, түлкү, карышкыр, кирпи, арстан конокко бармай болушуптур.

**№ 5 - слайд**







Мамалактын туулган күнүнө канча жаныбар конокко бармай болшуптур кана санайлычы

1,2,3,4,5.

Балдар, түлкү канчанчы болуп турат?

Туура,  түлкү үчүнчү болуп катарда турат экен ээ.
Ал эми карышкыр канчанчы болуп турат? (экинчи болуп катарда тизилип турат экен).

**Арстан жаныбарларга кайрылып:** келгиле оюнчуктар сатылуучу дүкөнгө барып, мамалакка белекке оюнчук сатып алалы  - деп ,сунуш кылып дүкөнгө келишсе, дүкөндүн  жогорку текчесинде  жатпас куурчактар, төмөнкү текчесинде  пирамидалар эле калыптыр

**№ 6 - слайд**



Балдар, жогорку текчеде канча  жатпас куурчактар  бар экен. Келгиле, санайбыз 1,2,3,4,5 баары биргип текчеде 5 жатпас куурчактар бар экен ээ, балдар.
Эми төмөн жактагы пирамидаларды санайбыз 1.2,3,4 .
Баардыгы биригип 4 пирамида  бар экен. Пирамидалар жатпас куурактардан канчага аз экен? Ооба  2ге  аз экен.

**Арстандан кийин коен жаныбарларга кайрылып:** Достор, келгиле мамалактын туулган күнүнө пирамида сатып алып белек кылалы -  деп сунуш киргизет.Анан жаныбарлар мамалакка  “Оюнчуктар “ дүкөнүнөн пирамида оюнчугун сатып алышат.

**№ 7 - слайд**



Балдар пирамида оюнчугунда канча шакекче бар экен?
Кана санайбыз.
1,2,3,4,5. Пирамидада 5 шакекче бар экен балдар.
Жашыл шакекче канчанчы орунда турат экен, кана ойлонуп санап көрөлүчү(төртүнчү)?
Кызыл шакекче канчанчы орунда турат балдар? Туура, экинчи орунда экен.
Балдар, пирамиданы карасаңар эң чоң шакекче кайсы түстө экен? Туура, көк түстө.
Эң кичинекей шакекче кайсы түстө экен? Ал дагы көк.

**Анан балдар, коёндон кийин Карышкыр:** Достор, оюнчукту болсо сатып алдык, келгиле мамалактын да сүрөтүн тартып белек кылып берели, мамалак кубанып калсын -  дейт.


**№ 8 - слайд**

Карагылачы, балдар,  жаныбарлар, мамалакты  кандай сулуу, сыйкырдуу, өзгөчө мамалак
кылып тартышыптыр .
Мамалак кайсы геометриялык фигуралардан тартылыптыр?




Көзү  - 2 ки чоң сүйрү;
2 колу – кичинекей сүйрү;
2 буту – кичинекей тегерек;
Кулагы,оозу  - жарым тегерек;
Башы – чоң тегерек;
Колдору  - 2 кичинекей сүйрү;
Денеси – Чооң тегерек.

**Тарбиячы:** Анда эмесе, балдар, силерге жана жаныбарларга  «Эки ач көз аюу» жөнүндө окуя айтып берейин.
Күндөрдүн биринде эки ач көз аюу бир геометриялык тегерек фигурасын таап алышыптыр. Экөө  бири - бири менен тең бөлүшө алышпай, эки жагынан тартып башташат. Тегеректи эки жагынан тартып чоюп, сүйрү кылып салышат. Ошентип, аюулар тегеректен – сүйрү фигурасын чыгарышат.
Мына бул -  сүйрү   (экранда геометриялык фигура көрсөтүлөт)



**№ 9 - слайд**

Карагылачы, балдар, геометриялык сүйрү фигуранын бир дагы бурчтары жок жана жалпак.
Сүйрүнү үстөлдүн үстүнө коюп көрөлүчү. Бизге сүйрү көрүнбөйт таптакыр.
Эми кырынан коюп  көрөлү, турбай жатат . Биздин тажырыйба эмнени айткысы келип жатат?

Ооба туруксуз экенин. Демек сүйрү,жалпак экен.

Сүйрү фигурасы кайсы геометриялык фигурага окшош экен ?

(Экранда тегерек жана сүйрү  фигуралар көрсөтүлөт )

Ооба ,сүйрү фигура- тегерекке окшош экен.

Тегеректин  жана сүйрү фигуранын  дагы бурчтары жок  жана жалпак экен.

Сүйрү жана тегерек фигуралар бир бирине окшош жана тегерек формасында экен

Алар эмнеси менен айырмаланышат?

Сүйрү фигура чоюлгандыгы менен айырмалана.

Биз  тегеректи тоголото  алабыз . Сүйрүнү болсо тоголото албайбыз.

( экранда тик бурчтуктун сүрөтү чыгат)



**№ 10 - слайд**

Карагылычы,экрандагы геометриялык фигураны.

Бул кандай геометриялык фигура?

Туура тик бурчтук.Түсү кандай?(сары)

Тик бурчтук дагы  сүйрү сыяктуу эле чоюлган экен ээ.

Келгиле фигураларды бири бирине коюп көрөлү

Фигуралар чоюлган жана туруксуз,жалпак экен.

Анда эмнеси менен фигуралар бири биринен айырмаланышат.?

Ооба тик бурчтуктун бурчтары бар(экранда бурчтарын көрсөтүү,ал  эми сүйрүнүн бурчтары жок .

Балдар, жаныбарлар  мамалактын үйүнө  келишип,пирамида оюнчугун белекке беришип, мамалак менен ойношот.

**Тыныгуу көнүгүүсү « Мамалак »**

Сөзү,обону: Гульмира Эсенгулованыкы

Көп дүкөндү аралап,( эки колун эки жакка жаят)

Көрүп калдым мамалак.

Капа болгон көздөрү,(көздөрүн колдору менен көрсөтөт)

Карап турду жалдырап.

Мамалак. мамалак,

Ырдап берем сага арнап.
Күлүп койчу мамалак
Сага күлгөн жарашат





Келгиле, балдар бир аз ойноп алалы макулбу
**Бул оюндун аты:** “Эмне кайда жайгашкан? – деп аталат
**Дидактикалык оюн “ Эмне кайда жайгашкан”( мейкиндикте багыт алуу)**

**№ 11- слайд**

Балдар кана, кунт коюп карап, ойлонобуз.
Коен түлкүнүн кайсы жагында турат?
(Жооп:коен түлкүнун сол жагында турат)
Карышкыр  түлкүнүн кайсы жагында  турат?
(Жооп:Карышкыр  түлкүнүн оң жагында турат)
Түлкү коен менен карышкырдын кайсы жагында турат?
(Жооп: Түлкү карышкыр менен коендун ортосунда турат)

Балдар, силер менен бүгүн биз шаңдуу оюнчуктарды  жараксыз куралдардан жасайбыз.
**Конструкциялоо.**

**Жараксыз куралдардан   жасоо. « Шандуу оюнчуктар »**
Балдар, силердин эн кичинекей  бөбөк кезиңерде биринчи оюнчугуңар эмне эле,  билесиңерби? Ооба, шаңдуу шылдырак оюнчук .Алар  ар түрдүү түстө болот.Мына, карагылачы, минтип шылдыратса үн чыгат экен ээ. Бүгүн биз силер менен   өзгөчө шылдырак оюнчукту өзүбүздүн колубуз менен жасайбыз

Биз аларды  кадимки эле силер жеген “ Киндер сюрприз”  шоколадынын бошогон идишинен жана силер сок ичкен түтүкчөдөн жана ичине  нокоттон же болбосо  нокот жок болсо ичине, күрүч же гречка салып жасаса болот жана  түстүү наклейка болсо аны да колдонсо болот

**№ 12 - слайд**

Мен “Киндер сюрприздин” бошогон идишине шуру салам, шуру идиштен төгүлүп кетпес үчүн   оозун жаап, бекитем,соктун түтүкчөсүн төмөн жактагы кичинекей тоголок тешигине киргизип, кармаганы сап жасаймын, түстүү кагаз менен кооз болсун үчүн жабыштырамын.Эми жасаган кооз шылдырак оюнчугумду шылдыратсам болот ээ.Кандай сонун музыкалуу үн чыгып жатат ко.Силерге жактыбы, балдар?

Мына ушуну менен балдар сабагыбызды жыйынтыктайбыз. Бүгүнкү сабак силерге жакты деп ойлойм.

Кайсы жаныбардын туулган күнү болду? Кимдер конокко барышты? Белекке алар эмне беришти?

Азаматсыңар балдар ,бүгүн биз  силер менен санаганды, геометриялык фигураларды, түстөрдү,чоңдуктарды ажыратканды үйрөндүк, салыштырдык жана шаңдуу оюнчуктарды кантип жасоону үйрөндүк.Кайрадан экрандан көрүшкөнчө саламатта калгыла, балдар.

